| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**<br>**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |
| Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,<br>тел: (03736) 5-00-53 | г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,<br>тел: (03736) 5-00-53 |

05.06.2024-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезексиз XXXI-сессиясынын**
**№1-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаар мэриясынын 2024-жылдын бекитилген жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын №59 бюджеттик кодексинин 109-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык Базар-Коргон шаарынын мэри Т.О.Осмоновдун 29.05.2024-жылдагы чыгыш №01-17/852 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXXI-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновдун сунушунун негизинде жана шаар мэриясынын карамагында жаңы ачылган мекеме ишканалар казына аркылуу иштөө үчүн 2024-жылдын жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнө бекитилсин.

а) 70629-разделдин 2511-статьясынан -14556,5 миң сомго

б) ММБ Департамент мекемесине 70629- разделдин 2111-статьясына +556,5миң сомго;

в) Капиталдык курулуш департамент мекемесине 70443- разделдин 2221-статьясына 14000,0 миң сомго, жалпысы болуп +14556,5 миң сом акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн разделдин элементтерине отургузулсун.

2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана ФЭБнун башчысы Ж.Рахмоналиевге милдеттендирилсин.

3. Аталган  токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**<br>**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |
| Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,<br>тел: (03736) 5-00-53 | г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,<br>тел: (03736) 5-00-53 |


05.06.2024-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXXI-сессиясынын №2-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаар мэриясынын 2024-жылдын бекитилген жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын №59 бюджеттик кодексинин 109-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123-мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык Базар-Коргон шаарынын мэри Т.О.Осмоновдун 29.05.2024-жылдагы чыгыш №01-17/852 сандуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXXI-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновдун сунушунун негизинде 2024-жылдын 5 айына карата жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнө төмөндөгүдөй отургузулсун:

1)70629-разделдин 2511 элементинен - 46977,2 миң сом;

2)70629-разделдин "Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарбасы" мекемесине сметага ылайык 14010,9 миң сом;

3)70629-разделдин "ММБ Департамент" мекемесине сметага ылайык 3092,0 миң сомго;

4)70443-разделдин "Капиталдык курулуш департамент" мекемеси сметага ылайык 29874,3 миң сомго, жалпысы болуп +46977,2 миң сом акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн разделдин элементтерине отургузулсун.

2.Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана ФЭБнун башчысы Ж.Рахмоналиевге милдеттендирилсин.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

05.06.2024-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын
кезексиз XXXI-сессиясынын
№3 -ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарынын борборундагы 0,84 га жер аянтын ээлеген базарды мамлекеттин пайдасына өткөрүү үчүн, Базар-Коргон шаар мэриясынын юристине мыйзам ченемдүү иш аракеттерди жүргүзүүгө макулдук берүү жөнүндө

**Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин** 32-беренесин эске алуу менен**,** Жалал-Абад шаарынын ВЛКСМ көчөсүнүн №15/1 квартирасынын тургуну Борукулова Гулшайыр Жанузаковнадан 13.05.2024-жылдагы кайрылуу катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXXI-сессиясы **токтом кылат:**

**1**. Базар-Коргон шаарынын борборундагы 0,84 га жер аянтын ээлеген базарды мамлекеттин пайдасына өткөрүү үчүн, Базар-Коргон шаар мэриясынын юристине мыйзам ченемдүү иш аракеттерди жүргүзүүгө макулдук берилсин.

**2**. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана Базар-Коргон шаар мэриясынын юристине жүктөлсүн.

**3**. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

**4**. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага К.К. Анарбеков**